Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№17 [17013] ИШЕМБИ, 06/06/2026

ТҮНДҮК-ТҮШТҮК АЛЬТЕРНАТИВАЛУУ ЖОЛУ АЧЫЛДЫ



5-бетте

Кыргызстан БУУнун Коопсуздук кеңешинин туруктуу эмес мүчөлүгүнө шайланды



2-бетте

Т. ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ДОЛБООРЛОО ИШТЕРИ АРАКЕТТЕ



4-бетте

Майрамкан Жээнбекова:
“МАЯНАБЫЗ ЖОГОРУЛАП, КУБАНЫЧЫБЫЗДА ЧЕК ЖОК”



5-бетте

ФУТБОЛ ЧЕМПИОНАТЫ БАШТАЛУУДА. ЭМНЕЛЕР БЕЛГИЛҮҮ БОЛДУ?



3-бетте

Кыргызстан БУУнун Коопсуздук кеңешинин туруктуу эмес мүчөлүгүнө шайланды



Буга биздин мамлекет төртүнчү аракетте жетишти. Азия-Тынч океан аймагынан Кыргызстан менен Филиппин талапкерлигин койгон. Бишкек 142 добуш алса, Манила 49 добуш алды.

БУУнун Башкы Ассамблеясы 2027–2028-жылдарга Коопсуздук кеңешинин 5 жаңы туруктуу эмес мүчөсүн шайлады. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен Австрия, Португалия, Зимбабве, Тринидад, Тобаго жана Кыргызстан Коопсуздук кеңешинен орун алышты.

Коопсуздук кеңешинин жаңы мүчөлөрү Данияны, Грецияны, Пакистанды, Панаманы жана Сомалини алмаштырышат. Бахрейн, Колумбия, Конго Демократиялык Республикасы, Латвия жана Либерия Коопсуздук кеңешинин туруктуу эмес мүчөсү статусун сактап калышат.



Маалымат үчүн. БУУнун Коопсуздук кеңеши 15 өлкөдөн турат. Алардын бешөө — Россия, Кытай, Улуу Британия, АКШ жана Франция — туруктуу мүчөлөр болуп саналат жана вето коюу укугуна ээ. Калган 10у — туруктуу эмес мүчөлөр: алар добуш берүүгө катышат, бирок, вето коюу укугунан ажыратылган.

Туруктуу эмес мүчөлөр жыл сайын Башкы Ассамблея тарабынан беш өлкөдөн турган топтор менен шайланат. Шайлануу үчүн добуштардын кеминде үчтөн экисине ээ болуу зарыл. Ыйгарым укуктардын мөөнөтү — эки жыл, андан кийин өлкө дароо кайра шайлана албайт.

Чет элдик номерлүү унааларды мыйзамдаштырууга акыркы мүмкүнчүлүк берилди



Президент Садыр Жапаров чет өлкөлүк каттоо номерлери менен жүргөн унааларды мыйзамдаштырууну аяктоо боюнча жарлыкка кол койду.

Жарлыкка ылайык, мыйзамдаштыруудан өтпөгөн унаалардын ээлерине 2026-жылдын 1-сентябрына чейин кошумча жана акыркы жолу унааларын мыйзамдаштырууга мүмкүнчүлүк берилет. Ошондой эле алар унаасын өлкөдөн чыгарып кетүүгө, тетиктерге сатып жиберүүгө же утилдештирүүгө укуктуу болушат. Документте бул жолку легалдаштыруу бир жолку жана акыркы мүнөздө экени белгиленип, мөөнөт дагы узартылбай турганы айтылган. Мыйзамдаштыруудан өтпөгөн унааларды Кыргызстанда пайдалануу тыюу салынат.

Мындан тышкары, белгиленген мөөнөттө талаптарды аткарбаган унаалар соттун чечиминин негизинде атайын айып короолорго токтотулуп, кийин утилдештирилиши мүмкүн. Жарлык 2024-жылдын 31-декабрына чейин Кыргызстанга киргизилип, бирок, мамлекеттик каттоодон өтпөгөн унааларга гана тиешелүү болот.

Аманкан Кенжебаев - облустун тургундары менен жолугушуулары улануда



Президенттин Ош облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев Кара-Суу районунун тургундары менен жолугушууларды өткөрүүдө.

Ал Кара-Суу районунун Отуз-Адыр, Савай, Датка, Жоош, Мады, Баш-Булак айыл аймактарынын тургундары менен жолугушуу өткөрдү. Анда айыл тургундары бир катар маанилүү маселелерди көтөрүштү.

Атап айтканда, айылдардагы жер маселелери, сайларга адам өтүүчү көпүрө куруу, таза суу менен камсыздоо, мыйзамсыз курулган үйлөрдү мыйзамдаштыруу жана жеке менчикке сатылып кеткен бала бакчаларды айыл өкмөттүн балансына кайтаруу сыяктуу маселелерди талкуулашты.

А.Кенжебаев ар бир жарандын кайрылуусун угуп, тийиштүү жоопторду берди. Ошондой эле, көтөрүлгөн маселелерди чечүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлөрү айтылды.

ОшТУнун стартаперлер командасы эл аралык финалга жолдомо алды



ОшТУнун стартаперлер командасы “Green&Digital Solutions for Central Asia” хакатонунда 2-орунду ээлеп, эл аралык финалга жолдомо алды.

Алар Борбордук Азиянын туруктуу өнүгүүсү үчүн жашыл жана санариптик чечимдерди түзүү боюнча регионалдык хакатонго катышып, тандоо этабынын жыйынтыгында жарым финалга өткөн.

Хакатондун жарым финалдык этабы 2026-жылдын 2-июнунда Бишкек шаарында өткөрүлүп, ага Кыргызстан боюнча тандалып алынган командалар катышты. Сынактын жүрүшүндө катышуучулар жашыл экономика, санариптик технологиялар, экологиялык туруктуулук жана инновациялык чечимдер боюнча долбоорлорун эксперттик комиссиянын алдында коргошту.

Жарым финалдык этаптын жыйынтыгында ОшТУнун стартаперлер командасы “Таштанды сатам” долбоору менен 2-орунду ээлеп, автоматтык түрдө эл аралык финалдык этапка жолдомо алды.

“Таштанды сатам” долбоору таштандыны ресурс катары кароо, кайра иштетилүүчү калдыктарды чогултуу жана аларды сатуу процессин жеңилдетүү идеясына негизделген. Долбоор калк менен кайра иштетүүчү ишкерлердин ортосунда байланыш түзүүгө, таштандыны иргеп чогултуу маданиятын өнүктүрүүгө жана айлана-чөйрөгө болгон терс таасирди азайтууга багытталган.

“Green&Digital Solutions for Central Asia” регионалдык хакатону Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү жаштардын жашыл жана санариптик чечимдерин колдоого, туруктуу өнүгүү максаттарына багытталган долбоорлорду өнүктүрүүгө жана аймактык кызматташтыкты бекемдөөгө багытталган.

ӨРТ КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИН ЭСКЕ АЛЫҢЫЗ

Урматтуу Ош шаарынын жашоочулары жана коноктору бүгүнкү күндө шаарыбыздын аймагында турак жай секторунда, кафе, ашканаларда, соода түйүндөрүндө жана башка обьектилерде өрт кырсыгы катталып жаткандыгы баарыбызга маалым, ошондой эле өрт кырсыгынан адамдардын ден-соолугуна өмүрүнө терс таасирин тийгизген учурларда жок эмес.

Жай мезгилинде айлана- чөйрөнү ар кандай таштандылардан (желим бөтөлкө, жыгач отун жана ар кандай тез күйүүчү буюмдардан) тазалоо жана аларды өрттөп жок кылуу аракеттери башталды. Ошол себептен өрт кырсыктардын алдын алып, эрежелерин так сактоо менен өзүбүздүн үй -бүлө мүчөлөрүбүздүн жана жакындарыбызды, өмүр бою жыйнап келген үй-жай, мал- мүлкүбүздү бир заматта күлгө айландырган өрт кырсыгынан алыс болуу үчүн өрт коопсуздук эрежелерин аткаруу зарыл.

Квартираларда, турак жай бөлмөлөрүндө жана мейманканаларда төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1) балкондордо жана лоджияларда, тепкичтер жайгашкан аянтчаларда, цоколдук аянттарда, подвалдарда, үйдүн чатырларында тез тутанган жана күйө турган суюктуктарды, газ баллондорун сактоого;

2) бөлмөдө тамеки чегүүгө;

3) тамекинин толук өчпөгөн калдыктарын балкондон же лоджиядан ыргытууга;

4) даярдалып жаткан тамакты плитага кароосуз калтырууга;

5) конок бөлмө менен ашкана бөлмөсү кошулган учурда газ түзүлүштөрүн (мештер, казандар, суу жылытkычтары) орнотууга.

Төмөнкү өрт коопсудук эрежелердин аткарууну эске алыңыз:

-Жаш балдарды үйдө кароосуз калтырбаңыз, өз алдынча от жагууга, үй тиричилигинде колдонуучу электрдик плитка жана башка күйүүчү заттарды колдонууга жол бербеңиз;

-Ширеңке, (зажигалка) ж.б от чыгуучу буюмдары менен ойноого болбостугун жана оюнчук эмес экендигин түшүдүрүңүз;

-Таштандыларды иммараттардан, турак үйлөрдөн 50 м. аралыкта өрттөп, дайыма көзөмөлдөңүз.

-Күйүүчү материалдарды, тоютка жыйылган чөптөрдү (отун, чөп, таштанды) имараттан, очок, тандырдан алыс сактаңыз;

-Ачык электр зымдарын тез арада оң абалга келтирүү;

-Ачык электр зымдарын күйүүчү материалдардын үстүнөн өткөрүп тартпоо керек;

-Үй тиричилигине пайдалануучу газ, электр, мечштерди сайылуу абалда көзөмөлсүз калтырбоо;

-Үйдүн чатырына күйүүчү материалдарды сактаboo;

-Жаш балдардын от менен ойноосуна жол бербөө;

-Ар бир ата- эне күн сайын жаш балдарыбызга ширенке жана башка күйүүчү зат менен ойноосу оюнчук эмес экендигин эскертип түшүндүрүп туруусу зарыл;

-Тартылган тамекинин калдыгын атайын урнага таштоо;

-Өрт кырсыгына каршы ар бир үйдө 200 литрден кем эмес идиште суу кармоо зарыл.

-Электрдик эсептегичте заводдо жасалган электр предохранителин орнотуу зарыл. Сынган, оң абалда эмес электр күйгүзгүчтөр, розеткалар, патрондор өз убагында алмашылсын. Электр жылыткычтар, үтүк, электр чайнектерди күйбөөчү таканчыктарга коюңуз жана бардыгын бир убакытта иштетпеңиз.

К. Кыдырбаева,
КР ӨКМдин Ош шаары боюнча башкармалыгынын ӨӨ ААжАКИБнүн офицери, майор.

Түндүк-Түштүк альтернативалуу жолу ачылды

Кыргызстандын түндүгү менен түштүгүн бириктирген альтернативалуу жолу 1-июндан тартып ачылды. Бул тууралуу КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги билдирди.

Маалыматта айтылгандай, ушул жылдын ноябрь айына чейин убактылуу ачылган бул жол күндүзгү таңкы саат: 6:00дөн, кечки саат 20:00гө чейин гана автоунааларды өткөрөт.

“Айдоочулардын коопсуздугун камсыздоо максатында трассага заманбап жол белгилери, электрондук маалымат такталары жана эскертүү системалары орнотулду. Унааларга октук басымы 11,5 тонналык салмакты сактоо эскертилет”,-деп айтылат маалыматта.

Убактылуу каттам туристтик мезгилде автожолдордогу жүктөмдү азайтуу максатында берилди. Бирок, тоннелден өтүү үчүн атайын акы төлөнөт. Ал – автотранспорттун түрүнө жана категориясына жараша 100 сомдон 5 миң сомго чейин алынат.



Жол ачылбай, мөөнөтүнөн кечикти

Аталган жолдун курулушу 2014-жылы башталып, 2023-жылы пайдаланууга бериле турган болгон. Бирок, бул жолдун жаңы салынган участкаларында көчкү түшүү коркунучунан улам, кийинкиге калтырылып келди. Кооптуулукту алдын алып, кошумча курулуш иштери жүргүзүү үчүн кошумча каражаттар бөлүнгөн.

Башкача айтканда, автоунаа жолундагы коопсуздукту күчөтүү максатында, Көк-Арт ашуусундагы тоннелдин түндүк жана түштүк тарабындагы жолдун эң кооптуу тилкелеринде 3 эстакадалык көпүрө, кар көчкүдөн коргоочу 2 галерея, андан сырткары, 324-чакырымында өткөрүү пункту курулууда.

Андан сырткары, 153-чакырымында “Дыйкан” жана Балыкчы шаарында транспорт көзөмөл пункттары иштей турган болууда. Ошондой эле, Жалал-Абад тарабында жана Балыкчыда 2 мобилдик көчмө топ жүк ташуучу автоунаалардын салмак габариттик ченемдеринин сакталышына көзөмөл жүргүзүшөт.

Балыкчы – Кочкор – Чаек – Арал – Казарман – Жалал-Абад багыты боюнча 433 чакырымды түзгөн бул Түндүк-Түштүк автожолу Кыргызстан эгемендик алган жылдардан берки эң чоң долбоорлорунун бири болуп калды. Анын 200гө жакын чакырымы мурда жол жок жерлерге салынган. Курулуштун жалпы наркы 850 миллион доллардан ашык каражат деп айтылган. Акыркы маалыматтар боюнча ага коротулган болжолдуу сумма 1 миллиард долларга жакын деп бааланууда.

Негизги инвесторлору болуп: Кытайдын Эксимбанкы жана Азия өнүктүрүү, Ислам өнүктүрүү банктары саналат. Анын курулушун Кытайдын «China Road & Bridge Corporation» корпорациясы жана бир канча чет мамлекеттик курулуш компаниялар аткарды.



Ачылган жол ак жолтой болсун!

Расмий түрдө быйыл убактылуу болсо да ачылган бул каттамга, жогоруда айтылгандай, туристтик мезгилде өлкөнүн автожолдорундагы жүктөмдү азайтуу максатында уруксат берилди. Айдоочулар мурда Кыргызстандын экинчи борбору Ош шаарынан туристтик Балыкчы шаарына 15 саатта барып жүрүшсө, эми 8 саатта эле жете турган болду.

Жалал-Абаддагы Көк-Арт ашуусундагы тоннел азырынча Кыргызстандагы эң узун тоннел болуп калды. Анын узундугу – 3,890 чакырым, туурасы — 10 – 14 метрге чейин, бийиктиги – 8,6 метрди түзөт. 2 тилкелүү заманбап жолдун жүрүүчү бөлүгүнүн туурасы — 8,5 метр. Эки тарабында тең туурасы 0,75 метрден жөө адамдар өтүүчү жол каралган. Мындан сырткары, аталган жолдун Казарман участкасында 2 эстакадалык көпүрө түшкөн.

Ал эми аталган жол толугу менен 2028-жылы пайдаланууга берилери пландалууда.

А.Каракозуев.

ФУТБОЛ ЧЕМПИОНАТЫ БАШТАЛУУДА. ЭМНЕЛЕР БЕЛГИЛҮҮ БОЛДУ?

Футбол боюнча Дүйнө чемпионаты башталаар алдында турат. АКШ, Мексика жана Канадада өтө турган бул мундиалдын жадыбалы жарыяланды. Алгачкы оюн 12-июнда Мексика менен Түштүк Африканын ортосунда болмокчу. Беттеш Мексиканын борбору Мехикодогу 105 миң адам бата турган легендарлуу «Ацтека» стадионунда болот. Бул стадион тарыхта үчүнчү жолу мундиалдын ачылыш оюнун кабыл алып жаткан алгачкы арена болууда.

Бул жолку дүйнөлүк мелдеш 48 улуттук курама команданын катышуусунда үч өлкөдө өтөт. Бул мамлекеттердин 16 шаарындагы стадиондордо акыркы финалдык ышкырыкка чейин жалпысынан 104 оюн болот.

Эл аралык футбол ассоциацияларынын федерациясы (ФИФА) бул мундиалда үч жолу ачылыш аземи өтөөрүн билдирген. Тактап айтканда, турнирди кабыл алып жаткан ар бир өлкөдөгү биринчи оюндун алдында бирден салтанат өткөрүлөт.

Чемпионат ушул жылдын 11-июнунан, 19-июлуна чейин өтөт. Финалдык беттеш АКШнын Нью-Жерси штатындагы «Метлайф-стэдиумда» болот.

Ал арада чемпионаттын кубогу шаан-шөкөт менен коштолуп, АКШнын Нью-Йорк шаарына жеткирилди.

Жаңы катышуучулар

Аталган чемпионат бир катар мамлекеттер үчүн тарыхый мелдеш болуп жатат. Анткени мундиалга төрт улуттук курама алгачкы жолу жолдомо алды, алар — Өзбекстан, Йордания, Кабо-Верде жана Кюрасао мамлекеттери.

FIFAнын маалыматына ылайык, 48 команда катыша турган жаңы формат көптөгөн өсүп келе жаткан футбол өлкөлөрүнө мүмкүнчүлүк ачты. Өзгөчө Өзбекстан, менен Йордания Азия чөлкөмүндө күчтүү оюн көрсөтүп, тарыхында биринчи жолу дүйнө чемпионатына чыкты.

Африкадагы арал мамлекет Кабо-Верде Республикасы дагы өз тарыхындагы алгачкы жолдомону жеңип алды. Ал эми Нидерландар Падышалыгынын курамына кирген Түштүк Кариб деңизинин түштүк бөлүгүндө жайгашкан Кюрасао мамлекети болсо, дүйнө чемпионатына чыккан эң кичинекей мамлекеттердин бири болуп калды.

Ал эми учурда Кыргызстандагы эле эмес, Борбор Азия бардык мамлекеттердин футбол күйөрмандары Өзбекстандын курама командасын чын дилден колдоп жатат.



Кайсы команда канча млн. доллар алат?

Бул жолку чемпионатта FIFA – улуттук курама командаларга рекорддук сумма бекитти. Ага ылайык, жалпы сумма 727 миллион АКШ долларын түзүп, бул 2022-жылкы Катардагы мундиалга салыштырмалуу 50 пайызга көбөйтүлгөн.

Тактап айтканда, мундиалга жолдомо алган 48 команда арасында 655 миллион доллар – байге каталары бөлүштүрүлөт. Дүйнө чемпиону болгон курама 50 млн $ алса, финалда утулган командага 33 млн. $ берилет. Үчүнчү орун үчүн 29 миллион, төртүнчү орун үчүн 27 млн. $ каралган.

Мындан тышкары, дүйнө чемпионатына жолдомо алган ар бир курама даярдык чыгымдары үчүн дагы 1,5 миллион доллардан алат. Натыйжада турнирге катышкан ар бир улуттук курама кеминде 10,5 миллион доллар табат.

Кийинчерээк FIFA каржылык пакет дагы көбөйтүлүп, жалпы бөлүштүрүү дээрлик 900 миллион долларга жетиши мүмкүн экенин да билдирген.

А.Каракозуев.







Т. ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ДОЛБООРЛОО ИШТЕРИ АРАКЕТТЕ

Тажибаев Данияр Абдимаматович Ноокат районундагы Токтомат Зулпуев атындагы айыл өкмөтүн бир канча жылдардан бери жетектеп келе жатат. Кийинки жылдары социалдык-экономикалык жактан өнүгүү багытында бир катар ийгиликтерге жетишишти. Көптөгөн мактоого татыктуу, алгылыктуу жумуштар аткарылды.Айыл тургундарынын жашоо шартын жакшыртууда, инфратүзүмдөрдү өнүктүрүүдө жана жергиликтүү маселелерди чечүүдө жетекчинин жоопкерчиликтүү мамилесинен билүүгө болот.

Д.Тажибаев жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында тажрыйбалуу, уюштургуч жетекчи катары айыл аймагынын өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бурат. Данияр мырзанын демилгеси менен жолдорду оңдоо, ички көчөлөрдү жарыктандыруу,ичилүүчү таза сууну жана иррагция маселелерин чечүү жана башка бир катар долбоорлор иш жүзүнө ашырылып жаткандыгын айтып кетүүгө болот. Айыл өкмөтүнүн жетекчиси катары калк менен тыгыз байланышта иш алып барып, жашоочулардын көйгөйлөрүн жеринде угуп, аларды чечүүнүн натыйжалуу жолдорун издейт.

Жаштар саясатына, билим берүү жана маданият тармактарына колдоо көрсөтүү менен бирге, социалдык жактан муктаж болгон жарандарга моралдык жана материалдык жактан колдоо көрсөтүп турат.

Алмалык, Кашкалдак, Чүчүк айылдарына суу чыгарылат

Ноокат районунан 25 километр алыстыкта жайгашкан Токтомат Зулпуев атындагы айыл аймагына караштуу Алмалык айылында ичилүүчү таза суу тартуу иштери кызуу башталган мезгил. Бул маанилүү долбоор республикалык бюджеттин эсебинен каржыланып, жалпы суммасы 45550967 сомду түзөт. Долбоордун алкагында 15500 метр узундуктагы суу түтүктөрү тартылат.

Алмалык айылында жашашкан 420 кожолук ичилүүчү таза суу менен камсыздалат. Бул демилге жергиликтүү тургундарды сапаттуу ичилүүчү таза суу менен камсыз кылууга багытталып, айылдардын социалдык шарттарын жакшыртууга чоң салым кошот деген ишеничтебиз.



рында жалпы узундугу 16 чакырымды түзгөн баасы 40 млн. 500 миң сомдук таза суу долбоорунун курулуш иштери расмий түрдө башталды. Долбоор республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражатынын эсебинен иш жүзүнө ашырылууда.



Жогорудагы аталган иштер Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн жетекчиси Данияр Тажибаевдин көзөмөлүндө болот. Ошондой эле Т. Зулпуев айыл аймагынын алдындагы айылдык кеңештин колдоосу менен биргеликте жүргүзүлүп жатат. Долбоорду иш жүзүнө ашырууда Кашкалдак айылынын айыл башчысы М. Аматжанов, Чүчүк айылынын айыл башчысы А. Ураимовдор тарабынан көзөмөлдөө иштери жүргүзүлүүдө. Бул демилгени колдоо иштери айылдын тургундары үчүн эң маанилүү аракет болуп эсептелет.

Айыл аймагына караштуу Кашкалдак жана Чүчүк айылдарында ишеним менен карап, жүргүзүлүп жаткан иштерге кубанышып, жүздөрү жаркып, ыраазычылыктарын билдиришүүдө.

Азыркы учурда курулуш иштеринин алгачкы этабы ийгиликтүү аткарылып, 3400 метр аралыкта суу түтүгү орнотулду. Ошондой эле скважинанын ордун тазалоо иштери толугу менен аяктап, долбоордун кийинки баскычтарына карай жол ачылды. Буга чейин Алмалык айылында ичилүүчү таза суунун жоктугу айыл тургундарынын жанын кейиткен эң негизги көйгөйлүү маселелердин бири болуп келген болчу. Ушул мезгилде таза суу маселесинин чечилип жатканы, элдин чоң кубанычын жаратты, элдин үмүттилегин арттырды. Алмалык айылынын жашоочулары таза сууга жетүү мүмкүчүлүгүнө ээ болоорулып, кеңейтилсе, техника кире албаган, эл жыш жайгашкан аймактарда жумуштар кол күчү менен аткарылды. Каналдар толугу менен тазаланып, бекемделип,кеңейтилди. Мындай иштер ирригация системасын жакшыртууга, суунун үзгүлтүксүз жеткирилишине жана айыл чарбасын өнүктүрүүгө чоң өбөлгө түзөт.

Каналдар тазаланып, кеңейтилди

Т. Зулпуев атындагы айыл аймагындагы арык-каналдарды казуу, тазалоо жана кеңейтүү иштерин ийгиликтүү аякташты. Айрыкча, Үч-Бай айылындагы узундугу 4,5 чакырымды түзгөн Үч-Бай каналы элдик ашар жолу менен тазаланды. Бул демилге айылдын тургундарынын ынтымагын жана биримдигин бекемдеди.

Аталган иштер айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевдин тапшырмасынын негизинде, СПАнын жетекчиси Маматали уулу Абубакирдин, айыл башчысы Сабыр уулу Жыргалдын уюштуруусу менен жогорку деңгээлде өткөрүлдү.

Каналдын айрым тилкелери атайын техникалар менен казы-



“Жашыл мурас” -келечекке жашыл белек

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жапаровдун Жарлыгы менен иш жүзүнө ашырылып жаткан «Жашыл мурас» улуттук өнөктүгүнүн алкагындагы иш-чара Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн аймактарындагы айылдарда максаттагыдай өткөрүлдү. Өсөр айылындагы жолдун боюн көрктөндүрүүгө 100 түп декоративдүү көчөттөрдү отургузушту. Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иштери аймактын экологиялык абалын жакшыртууга жана айылдын көркүн арттырууга багытталды. Мындай жакшы саамалыктар айлана-чөйрөгө болгон камкордукту күчөтүп,келечек муундар үчүн таза жана жашыл чөйрө түзүүгө өбөлгө түзөт.

Кыш заводу курулуп жатат

Ноокат районундагы Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнө караштуу Алмалык айылында 9 гектар жер аянтына кирпич заводу курулуп жатат деди,- айыл өкмөтүнүн жетекчиси Данияр Тажибаев.

Иш учурунда курулуштагы негизги иштер каралып, жарапроблемалар жеринде такталып, тиешелүү чечимдер кабыл алынды. Аталган кыш заводу ишке киргенден кийин, күнүнө 200 000 даана кыш өндүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Келечекте жергиликтүү айылдын калкын жумуш орундар менен камсыз кылууга жана аймактын социалдык- экономикалык өнүгүүсүнө чоң салым кошот деген үмүттөбүз. Жаңы өндүрүш ишканасы Алмалык айылынын жашоочулары үчүн эң керектүү долбоорлордун бири болуп эсептелет.





Ошондой эле Алмалык жолуна асфальт бастырылууда.

Алмалык айылынын калкы үчүн инвесторлор тарабынан социалдык пакеттин эсебинен 5 млн. сомго ФАП куруу иштери башталат.

Бурма Ысакова.
Кыргызстан Журналисттер Кошунунун мүчөсү.

Ош областтар аралык тери-венерологиялык борборунун директору Майрамкан Жээнбекова:

“МАЯНАБЫЗ ЖОГОРУЛАП, КУБАНЫЧЫБЫЗДА ЧЕК ЖОК”

Адамдын ден-соолугу жашоодогу эң улуу байлык. Анын ичинде тери саламаттыгы өзгөчө орунду ээлейт. Анткени тери -адамдын ички дүйнөсүнүн, организминдеги өзгөрүүлөрдүн күзгүсү. Акыркы жылдары тери ооруларынын көбөйүшү коомчулукту олуттуу тынчсыздандырган маселелердин бирине айланды. Айрыкча аллергиялык оорулар, псориаз, грибоктук инфекциялар, жаштар арасындагы безетки көйгөйлөрү жана жыныстык жол аркылуу жугуучу оорулардын көбөйүшү медицина тармагындагы адистерге чоң жоопкерчилик жүктөп жатат.

Биз кезектеги иш сапарыбыз менен Ош областтар аралык тери-венерологиялык борборуна барып, бул багыттагы көйгөйлөр, жетишкендиктер жана элдин саламаттыгы үчүн жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу борбордун директору, тажрыйбалуу дарыгер Жээнбекова Майрамкан Ысмайыловна менен маектештик. Ак халатка болгон жоопкерчиликти өмүрлүк парзына айландырган жетекчи менен болгон маек көпчүлүк окурмандар үчүн пайдалуу болот деген ишенимдебиз.



-Майрамкан Ысмайыловна, акыркы жылдары тери оорулары көбөйүп жатканын адистер көп айтып келишет. Бул көрүнүштүн негизги себептери эмнеде?

-Ооба, тилекке каршы акыркы жылдары тери ооруларынын саны кыйла өстү. Айрыкча аллергиялык дерматиттер, атопиялык дерматит, псориаз, грибоктук оорулар, безетки көйгөйлөрү жана жыныстык жол аркылуу жугуучу инфекциялар көп катталып жатат. Бул бир эле биздин аймакта эмес, дүйнөлүк деңгээлдеги көйгөйгө айланып бара жатат.

Мунун себептери ар түрдүү. Биринчиден, экологиялык абалдын өзгөрүшү чоң таасир берип жатат. Абанын булганышы, сапатсыз азыктар, химиялык кошулмалардын көбөйүшү адамдын иммундук системасын алсыратууда. Экинчиден, туура эмес тамактануу дагы негизги факторлордун бири. Азыр жаштар арасында фастфуд, газдалган суусундуктар, жасалма боёгу көп азыктар кеңири колдонулууда. Бул организмге түздөн-түз терс таасирин тийгизет.

Үчүнчүдөн, стресс. Азыркы заманда адамдардын психологиялык чыңалуусу көбөйдү. Стресс көп оорулардын, анын ичинде тери ооруларынын күчөшүнө себеп болот. Ошондой эле адамдардын өз алдынча дарылануура өтө көп кайрылып жатканы дагы кооптуу көрүнүш. Интернеттен окуп алып, же тааныштарынын кеңеши менен ар кандай майларды, дары-дармектерди колдонуу ооруну күчөтүп жиберүүдө.

Мындан тышкары жеке гигиенанын сакталбашы дагы маанилүү себептердин бири. Айрыкча коомдук жайларда тазалык эрежелерин сактабаган учурда грибоктук жана инфекциялык оорулар бат жайылат.

-Тери ооруларынын алдын алуу үчүн эл эмнелерге көңүл бурушу керек?

-Ар бир оорунун алдын алуу аны дарылоого караганда жеңилирээк жана пайдалуураак. Ошондуктан адамдар эң биринчи күнүмдүк жеке гигиенаны сактоону адатка айландыруусу керек. Колду тез-тез жуып туруу, жеке сүлгү, тарак, кийим-кече колдонуу өтө маанилүү.

Туура тамактануу дагы чоң роль ойнойт. Жашылча-жемиштерди көбүрөөк колдонуп, организмге пайдалуу витаминдерди алуу зарыл. Уйкунун жетишсиздиги дагы иммунитетти төмөндөтөт. Ошондуктан адам сапаттуу эс алып, ден-соолугуна кам көрүшү керек.

Эң негизгиси адамдар териде кандайдыр бир өзгөрүү байкалса, дароо адиске кайрылуусу зарыл. Кээде жөнөкөй көрүнгөн тактар же кычышуулар олуттуу оорунун белгиси болушу мүмкүн. Эрте аныкталган оору тезирээк айыгат.

- Майрамкан Ысмайыловна, балдар арасында дагы тери оорулары көбөйүп жатканы байкалууда. Бул эмнеге байланыштуу?

-Туура айтасыз. Азыр балдар арасында аллергиялык жана инфекциялык тери оорулары көбөйүп жатат. Буга дагы бир нече фактор себеп болууда.

Биринчи кезекте экологиялык шарттар. Балдардын организми өтө сезимтал келет. Айлана-чөйрөнүн булганышы аларга тез таасир этет. Экинчиден, туура эмес тамактануу. Азыр көпчүлүк балдар табигый эмес азыктарды көп колдонуп жатышат. Түрдүү чипсылар, таттуу суусундуктар, жасалма кошулмалары бар азыктар аллергия жаратууда.

Ошондой эле гаджеттерге көп убакыт бөлүү дагы организмге терс таасирин тийгизет. Балдар таза абада азыраак ойноп баштады. Кыймылдын аздыгы иммунитетти алсыратат. Мындан тышкары гигиенанын жетишсиздиги дагы чоң көйгөй.

Ата-энелер балдарынын ден-соолугуна өзгөчө көңүл буруп, туура тамактанууга, тазалыкка жана убагында медициналык кароодон өткөрүүгө маани бериши керек.

- Борбордо бейтаптарга кандай кызматтар көрсөтүлөт?

-Учурда биздин борбордо бейтаптарга заманбап диагностикалык жана дарылоо кызматтары көрсөтүлүп жатат. Биз ооруну так аныктоо үчүн лабораториялык анализдерди жүргүзөбүз. Ошондой эле дерматоскопиялык текшерүүлөр жасалат.

Жыныстык жол аркылуу жугуучу инфекцияларды аныктоо боюнча дагы атайын текшерүүлөр жүргүзүлөт. Мындан тышкары физиотерапиялык дарылоо, комплекстүү медикаментоздук терапия жана амбулатордук жардам көрсөтүлөт.

Биздин негизги максат-бейтаптарга сапаттуу жана жеткиликтүү жардам берүү. Ар бир келген адамга туура диагноз коюлуп, заманбап талаптарга ылайык дарылоо жүргүзүлөт.

-Өз алдынча дарылануунун кандай коркунучтары бар?

-Бул өтө олуттуу маселе. Тилекке каршы азыр адамдардын көбү дарыгерге барбай эле өз алдынча дарылануура аракет кылышат. Айрымдар интернеттен маалымат окуп алышат, кээ бири тааныштарынын кеңешине ишенип алышат. Натыйжада оорунун күчөшүнө, өнөкөт түргө өтүшүнө жана туура эмес диагноз коюлушуна алып келет. Айрыкча гормоналдык майларды туура эмес колдонуу өтө кооптуу. Алар убактылуу жакшы болгондой көрүнгөнү менен кийин ооруну татаалдаштырып жиберет. Эгер териде бүдүр, кычышуу, жара, ириңдөө, тактар же узакка созулган өзгөрүүлөр байкалса сөзсүз адиске кайрылуу керек. Ар бир оорунун өзүнө ылайык дарылоосу болот.

-Оорукананын материалдык-техникалык базасы тууралуу дагы айтып өтсөңүз?

-Акыркы жылдары биздин борбордо бир топ жакшы өзгөрүүлөр болду. Жаңы медициналык жабдуулар алынып келинди. Айрым бөлүмдөрдө оңдоо иштери жүргүзүлдү.

Лабораториялык жана диагностикалык кызматтарды жакшыртуу боюнча иштер этап-этабы менен улануууда. Биз заман талабына ылайык иш алып барууга аракет кылып жатабыз. Себеби медицинанын өнүгүшү жаңы технологиялар менен түз байланыштуу.

Албетте, дагы жасала турган иштер көп. Бирок, акырындык менен шарттарды жакшыртып, бейтаптар үчүн ыңгайлуу шарт түзүүгө аракет кылып келебиз.

-Борбордогу дарыгерлер жамааты тууралуу айтып берсеңиз?

-Биздин борбордо тажрыйбалуу дарыгерлер жана орто медициналык кызматкерлер көп. Жалпы жамааттын негизги максаты-калкка сапаттуу медициналык жардам көрсөтүү.

Бизде жогорку категориядагы адистер эмгектенет. Алардын көп жылдык тажрыйбасы бар. Айрыкча Саламаттык сактоонун мыктылары наамын алган кызматкерлерибиз бар экендиги биз үчүн сыймык.

Директордун орун басары Орозбаева Мавлюда, Эсенбаева Бумайрам, тери-венерология бөлүмүнүн башчысы Маматисаков Абдукахар, микология бөлүмүнүн башчысы Жуманазар кызы Элиза, амбулатордук дарт аныктоо бөлүмүнүн башчысы Назаров Сүйүнүч, Тилеков Эсен сыяктуу тажрыйбалуу врачтарыбыз элге кызмат кылып келишет.

Биздин кызматкерлер күнү-түнү эмгектенип, бейтаптардын сакайып кетиши үчүн аракет кылышат.

-Акыркы убакта медицина кызматкерлеринин айлык маянасынын көтөрүлүшү тууралуу коомчулукта жакшы пикирлер айтылууда. Бул жаатта сиздин оюңуз кандай?

-Албетте, бул жалпы медицина тармагы үчүн чоң колдоо болду. Дарыгерлердин жана медайымдардын эмгеги өтө оор. Алар күн сайын адам өмүрү үчүн күрөшөт.

Айлык маянанын көтөрүлүшү медицина кызматкерлеринин эмгегине болгон баанын жогорулап жатканын көрсөтөт. Бул өз кезегинде кызматкерлерди дагы жоопкерчиликтүү иштөөгө шыктандырат. Биздин жамаат Президентибиз Садыр Нургожоевичке айлыгыбызды көбөйткөндүгү, медицина тармагына жакшы колдоо жасагандыгы үчүн рахматыбызды айтабыз. Чындыгында кубанычыбызда чек жок.

-Борбордун мүмкүнчүлүгү тууралуу дагы айтып өтсөңүз?

-Учурда ооруканага 80 орунга ылайыкташтырылган. Биз белгиленген орун саны боюнча бейтаптарды кабыл алып, стационардык жана амбулатордук жардам көрсөтөбүз.

Бизге Ош облусунун ар кайсы аймактарынан бейтаптар кайрылышат. Ар бир адамга сапаттуу жардам көрсөтүүгө аракет кылабыз. Кээде оорулуулар көп болуп кеткен учурлар дагы болот. Ошентсе дагы жамаатыбыз өз милдетин жоопкерчилик менен аткарып келет.



-Маегибиздин соңунда элге кандай кайрылуу айтат элеңиз?

-Элдин саламаттыгы эң чоң байлык. Адам ден-соолук болмоюнча жашоонун баркын толук сезе албайт. Ошондуктан ар бир адам өзүнүн жана жакындарынын ден-соолугуна кайдыгер карабашы керек. Ооруну алдын алуу, убагында текшерилип туруу жана дарыгердин кеңешине көңүл буруу абдан маанилүү. Элдин ишенимин актоо үчүн мындан ары дагы аракет кыла беребиз.

Маек соңунда борбордун бөлүмдөрүн кыдырып чыгып, дарыгерлердин түйшүктүү эмгегине күбө болдук. Ак халат кийген ар бир кызматкердин жүзүнөн жоопкерчилик менен адам өмүрүнө болгон аяр мамиле байкалып турат. Кээде коомчулук медицина кызматкерлеринин эмгегин толук баалай бербейт. Бирок, ар бир сакталган өмүрдүн артында дарыгердин уйкусуз түндөрү, түгөнбөгөн түйшүгү жана кесибине болгон берилгендиги турат. Ош областтар аралык тери-венерологиялык борбору бүгүнкү күндө эл саламаттыгы үчүн тынымсыз кызмат кылып жаткан мекемелердин бири. Замандын талабына ылайык жаңыланып, медициналык кызматтын сапатын көтөрүүгө аракет кылып жаткан бул борбордо адам тагдыры биринчи орунда турат. Ак халатчандардын эмгеги ар дайым урматка татыктуу.

Маектешкен: Н.ӨМҮРЗАКОВА.

КЫРГЫЗДЫН АЛГАЧКЫ ГЕНЕРАЛЫ

(башталышы мурунку сандарда)

ЧТРдин жетекчилеринен турган коалициялык өкмөт түзүлгөндөн кийин деле келишимдин шарттары одоно бузулуп, гоминьдандык бийлик тараптан Түштүк Шинжанга аскер күчү жөнөтүлүп, Таш-Коргон, Жаркент округдарында улуттук боштондук кыймылы айоосуз түрдө басылат. Ал тургай гоминьдандык бийлик Алтай, Тарбагатай, Иле округдарына чабуул жасап, ЧТРдин көзөмөлдөгөн аймакты басып кирүүгө аракеттенишкен.

1947-жылдын башында Алтай округунун губернатору Осмон Исламов көтөрүлүшчүлөргө чыккынчылык кылып гоминьдандык бийликке сатылып кетет. Ал 1947- жылдын сентябрында облустук, райондук мекемелерди басып алган. 1947- жылдын акырында Ысакбек Монуев Алтайга жүрүш жасап, гоминданчыларды кууп чыккан.

1947- жылдын май айында генерал Чжан Чжи Чжун, убактылуу өкмөттүн төрагалыгынан кетип, борбордук бийлик анын ордуна Масуд Сабиржаджиевди дайындайт.

Келишимдин орой бузулгандыгына байланыштуу 1947- жылдын августтун башында ЧТРден барган коалициялык өкмөттүн мүчөлөрү Үрүмчүнү таштап, Кулжага кайтат.

Айрым авторлордун пикиринде ошол учурда Советтер Союзу чоң катачылык кетирип, сүйлөшүүлөр башталганда эле атайын тапшырмадагы өз отряддарын (анын ичинде "Баатыр" менен "Буйгу" да бар эле) Кытайдан чыгарып кетет.

* * *



1948-жылы Кытайдагы жарандык согуш аягына жакындап, гоминьдандык аскерлер бардык фронтто жеңилүүгө учурап, алардын ЧТРди көзөмөлдөөгө чамасы болбой калган. 1948-жылдын декабрында Чан Кай Ши Синьцзяндын өкмөтүнүн төрагалыгына улуту татар Бурган Шахидди дайындайт. Б.Шахиддин Пекин менен болгон байланышы бекем болгондуктан, коммунисттер тарабына өткөн Чжан Чжи Чжун Бурганга ЧТРдин делегаттарын Үрүмчүгө чакырууга суныш берген телеграмма жөнөтөт.

1949-жылдын жайында Кытайдын континенталдык бөлүгүндөгү АКШы калкалаган гоминьданчылар талкаланып, 1950-жылы толук жеңилүүгө учурайт. Чан Кай Ши Тайвань аралына качып, аерде баш паанектөөгө аргасыз болгон. Коммунисттер күзүндө Кытай Эл Республикасы түзүлгөндүгүн жарыялоо максатында Элдик Саясий Консультативдик Кеңешмени чакырууну белгилейт. Айрым булактарга таянсак, Мао Цзедун Синьцияндын үч округундагы көтөрүлүштү кытай революциясынын бөлүгү деп баалап, бул салтанатка ЧТРдин да жетекчилиги чакыртылат. Курамында өкмөт төрагасы уйгур Ахмеджан Касими, аскер командачысы кыргыз Ысакбек Мониев, Алтай облусунун губернатору, коргоо министринин орун басары улуту казак Далилхан Сугурбаев, уйгур өкмөт мүчөсү, жазуучу "Шарк Түрстан ынкылабы" гезитинин башкы редактору Абдыкерим Аббасов, улуту кытай, Үрүмчүдөгү жаштар уюмунун жетекчиси Ло Цзу кирген делегация 27-августта Кулжадан Алматыга жөнөп кетишет. Расмий маалыматтарда "ЧТРдин делегациясы отурган "Иль-11" самолету Алматыдан Пекинге учуп баратып, Читадан 60 км. аралыкта жайгашкан Хамар-Дабан ашуусунда кырсыкка кабылып, жерге кулап түшкөндө анын ичиндегилер жана экипаждын бардык мүчөлөрү каза болгон" деп айтылат. Ага ишенимдүү, так, таасын далилдүү жооп жок болгондугуна байланыштуу бул маалыматтын чын-төгүнүнө шек санап, ар кандай божомол бүгүнкү күнгө чейин айтылып келет.

ЧТРдин делегациясынын каза болгондугун туугандарына 10- ноябрь күнү гана угузушкан. 1950-жылы февралда сөөктөрдү Кулжага алып келишкен. Алар Баң-Кадырдын багына коюлган. 1950-жылы мартта Ысакбек Монуевдин авиакатострофага кабылып, каза болгондугун Фрунзедеги аялы Турганбүбүгө Төрөбай Кулатов угузат. 1950-жылы августта Чөгөмдүн Загара жайлоосунда Ысакбектин атасы Мону ажы анын ашын берет.

Элдик Саясий Консультативдик Кеңешмеге ЧТРдин Сайпидин Азизов башында турган жаңы делегация катышып, ЧТРдин жаңы жарыяланган Кытай Эл Республикасынын курамына кирүүгө макул болгондугун билдирет.

(уландысы бар)

Материалды даярдаган: Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.

Ой чабыт

ТӨРТ КӨЧӨДӨ ТӨРТӨӨБҮЗ ...

(башталышы мурунку сандарда)

Кебетесинде төртөөбүздү көпкө издегендей. Чарчаңкы келбети бар. Түз эле төр тарапта олтурган бизге, биз дегеним Калдыбай экөөбүзгө арманын айтчуудай сүрдүү жирей салам берди. Бизди көргөнүнө ыраазы боло жүзү жайдарылана түштү. Сыягы көргөнүнө ыраазы болду окшойт. Асмандан издегени, жерден табылгандай жүзүндө түрү бар. Бала чактан бирге өскөндүктөнбү бир туугандан да карыш-карыш, сөөм-сөөм дегендей эле кеп да.

Көптөн бери Казага, кошумча Казмич деп эрдеңдетип атап алганыбызга да арданган түрүн көрсөтпөй дайым майда жагымдуу, сылык-сыпаа мамиле кылганды да жакшы көрчүү. Бул мамилеси кимге кандай мага даана байкалчуу. Ал бизди жандай саламдашкан соң, эс алган түрдө жамбаш салды. Бир азга созулган жымжырттыкты Калдыбайдын Эй, чочко сапарыңыз жан болсун кайдан келип калдыңыз деген Азизбекке берген кеби бузгансыды. Азизбектин мүнөзүндө, ички жан дүйнөсүндө чындык гана кайнаганын биз атасынан да жакшы билчүүбүз. Ошондон анын пейлине жараша "Чочко" деген да ысым ыйгарып алганбыз. Балалыкта эмнелер гана болбойт. Тээ өткөн жылдарда бири бирибиздин пейил куюлубузга, кебете-кешпирибизге карата баарыбыздын эле азан чакырып атаган ысымыбыздан башка теңтушчулукта атап алган аттарыбыз толгон токой.

Өзүбүз ысымдаган аттар өзгөчө. Деги адам таппаган какшыктуу, кебете кешпирдин, кулк-мүнөздүн сырын ачкан апетиттеги сөздөр менен атагандыгыбыз курусун.

Азизбек чылымды көп тарта турган. Азыр да адатынча чайкананын төрүндө олтуруп чылым кумарына батып жатканына мен ичимден негедир ынана бербедим. Ал бир азга эс алды да анан мага карай беркилер кайда деп калды.

-Мен, кимдер дедим.

-Жапардын "Колочу" менен Тойтондун "Шалпыгы" деди. Бул учурда "Тамашанын тайтагы" алдындагы куюлган чайдан тааспеттене даам сыза олтурган. Ал менден озуна Азизбектин суроосуна жооп бере аларың тигинде олтурушпайбы деп сөөмөй кезей Омарбек менен Абдимиталдын бири шахмат, экинчиси картанын кызыгына бата ойноп жаткан жакты көрсөтүп калды. Азизбек ыраазы болгондой мыйыгынан жылмайып койду.

Биз чайканада Азизбек келген соң көпкө олтурганыбыз жок. Абдимитал менен Омарбек Азизбектин келгенин көргөн белем оюндарын ойноп жаткан жеринен токтотуп бизге келип кошулду. Каза менен көптөн бери көрүшө элекпи Омарбек коюн-колтук алыша өтө жылуу учурашты. Мыйыгынан жылмайганына бирин серин муруту куп жарашкан Абдимитал аристократтарга окшоп колунун беш манжасынын учун суна саламдашканына Азизбектин кытыры келдиби, беш манжасын катуу кысканда Азизбек айтмакчы "Жапардын Колочу" жүгүнгөн келинден бешпетер колунун ооруганына чыдай албай ийилип жиберди. Ушуларды көрүп алып теңтушчулуктун баа-баркына ыраазы болсун.

Азизбек чындыгында күчү мол жигит эле. Азыркы көргөндөн жаш кездегисин салыштыруу асман менен жердей десек ашыкчылык эмес. Анын аскерден келгенден кийинки турган турпаты өтө башкача болчу. Тулку боюу пакана турпатында булчуңдуу көрүнгөндө өтө сүрдүү боло турган. Көрсө аскерде көп машыккан окшойт. Ошондон тааныш билгендер ал жөнүндө көпкө чейин сөз учугун улай кеп улап жүрүштү.

Анан адатынча Омарбек өпкөлүгүнө сала эмне кылабыз, Азизбек Аматович да келип калыптыр. Ушунча болуптур көптөн бери Каза экөөбүз көрүшө элекпиз деп калды. Анын айтканы Азизбекке жага берди окшойт анын жүзүндө ыраазычылыктын белгиси ажарлана бизге көнүмүш кыска мойнуна куп жарашкан чоң калдасин чулгуп-чулгуп алып, колундагы чылымын кере сорду да чайкананын шыбын көздөй өпкөсүнө шыкай толгон чылымдын түтүнүн үйлөп калды.

Казанын арабызга келип кошулганынанбы баарыбыздын жүзүбүз жайдары эле.

Күн да кечтеп баратты. Эрте менен эрдемсип шадыраңдап шайдоот чыккан күн Кара-Кулжанын жапыс тоолоруна уламалай Төөчүнүн аркы бетине уялаганга аркан бою калган сыяктанат. Чайканада да кыжы кужулар аздады. Эрте менен эл толгон чайкана түш оогон соң сейилдей боштуктан өзүнө сүр кармагансыйт.

Биз эмне кылаарыбызды билбей бири бирибизди кыялбай бушаймандуу көпкө туруп калчуудай жүзүбүздү кытыгылай ар бирибиз сырдуу тургансыйбыз. Мындайда ар намыс, ал акыбал чен ченемдүү кылып койгонун түшүнүп турсак да түшүнгүбүз келчүүдөй эмес. Анан калса баарыбыз бирдей төшөгүбүзгө карап бут сунчуулардан-быз.

Мунубузга деле ыраазы сыяктуу беш күнчүлүк жашоодо жаштыгыбыз белестен кылып берген түлкү сымал бизден ойт берип бараткандыгын сезсек да сезмексенге сала дагы эле балалыктын кучагында болуп жүргөнүбүздү тан алчуудай эмеспиз. Дагы эле жаш баладай кажышканыбыз кажышкан. Караандап канча күндөр, канча айлар, жылга тогошкон өмүрүбүз гүлмүңдөп, гүлүмсүрөп бизди мазактап өтүп жатса да баягы ар корсуз дүйнөдө ашып кеткен амал кармана албай байлыктан башыбыз магдыраганга жашообуз бүтөлбөй турмуш кечирип жатканыбызды ушул турушубузда деги эле ынанчуудай эмеспиз.

Пенде ушундай турбайбызбы. Азыркы турмушубузда да алсыраган жашообуздун амалын таба албай, күнөө өзүбүздө турса да бет тырмалык кылганыбыз кылган.

Ушул күнү элдин акыры чамалай чайканадан чамдаша сыртка чыктык. Төрт көчөдө анда санда ары бери баскан баягы эле көрүнүш. Күн кечтеп бараткандыктан айрымдары кечки конолгосуна шашкандай кадам таштап барат. Биз төртөбүз эмне кылаарыбызды билбегендей бири бирибизди сырдуу караган болуп төрт көчөдө туруп калдык. Өзүбүзгө келгенде деги эле бош келбейбиз. Аңдыганыбыз эле кимисинин марттыгы майкандала кыргыз үйдү көздөй жүр дээр экен деген ой. Элден эң кийин келген Каза да унчукпайт. Ал баарыбыздан бышык болчу. Өзүн менден мартынар болбосо керек. Менин тагам ким экендигин билесиңерби? Билбесеңер угуп алгыла. Кара-Кулжа эмес облуста белгилүү Кадыралы март дегендин жээни мына мен болом деп Оморбек көкүрөгүн сайгылап калды. Жоктун жону катуу дегендей баарыбыздын эле бири бирибизден эч нерсе аягыбыз келбесин сезип турсак да аргабыз жок болчу.

Бирок кимдин калтасында эмне бар экенин ким билсин демекчи бул жерден беркиден сеп этмейинче кете албастыгыбызды сезген Оморбек колун жаңсай Кыргыз үй кафесине баштап калды. Адатыбызча какайып турган калпыбызда бир бөтөлкөнү бөлдүк да ар кимибиз өз конолгобузду көздөй жөнөп бердик.

Ал учурда ушундай да күндөр болгон. Кой дээр кожолорубуз, баштоочу башчыларыбыз жок көпчүлүгүбүз ушундай элдир-селдир турмуш кечирген мезгилибиз эле. Коом өзгөрүп кетээр деген үмүт алдыда жанып турганына канимет алчуубуз. Кандай гана күндө болбосун жандуу пенде-де жашоо токтоп калбасы белгилүү болчу.

(уландысы бар)

М. Жуманазаров.

Акционер чогулушу болуп өткөндүгүн кабарлайт

«Тулпар» ААКнун Директорлор кеңеши, коомдун акционерлеринин кезексиз жалпы жыйыны 2026-жылдын 20 -май күнү саат 10-00дө коомдун жыйындар залында болуп өткөндүгүн кабарлайт. Дареги; Өзгөн шаары, Ленин көчөсү-49.

КҮН ТАРТИБИ:

1.Жыйналыштын эсептөө комиссиясын шайлоо.

2.П.Саипжанов атындагы «Тулпар» ААКнун мүлкү жөнүндө.

Совет директоров ОАО «Тулпар» сообщает, что мая 2026-года 20 мая в 10.00 часов, по адресу г.Узген ул. Ленина-49 в зале заседаний общества, состоялась внеочередное общее собрание акционеров, форма очная.

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1.Избрание счетной комиссии собрания.

2.Об имуществе АО «Тулпар».

Акционерлер чогулушу болуп өткөндүгүн жарыялайт

“КБК Компаниясы» ААКнын акционерлеринин жылдык жалпы жыйыны 2026-жылдын 21-майында болуп өткөндүгүн кабарлайт.

Кворум: 93, 64 %.

Чогулушта төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды.

1. 2025-жылдын отчетун жана балансты бекитүү.

2. Директорду шайлоо.

3. Уставга өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүүнү бекитүү.

СЫНАК

Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы, Ош облусунун Араван районунун балдар–өспүрүмдөр спорт мектебинин директору бош кызмат орунуна сынак жарыялайт. Сынакка катышуучулар төмөндөгүдөй талаптарга жооп бериши керек:

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгы;

2. Жогорку билимдүү, (дене тарбия же педагогика адистигине артыкчылык берилет).

3. Эмгек стажы дене тарбия жана спорт тармагында же билим берүү системасында 5 жылдан кем эмес болуусу

4. Жетекчилик кызматта кеминде 2 жыл стажы болуусу

5. Дене тарбия жана спорт тармагына, педагогикалык системага тиешелүү Мыйзамдарды, Жоболорду, Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексин жана башка тийиштүү Ченемдик укуктук актыларды талапка ылайык билүүсү.

Конкурска катышуу үчүн төмөндөгүдөй документтер талап кылынат;

1. Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын конкурстук комиссиясынын төрагасынын атына жазылган өздүк арыз;

2. Адистик учёт боюнча өздүк баракча 4.5х6.5 өлчөмүндөгү сүрөтү менен;

3. Билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсү (нотариус тарабынан же иштеген жеринин башкармалыгы тарабынан тастыкталган);

4. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү

5. Өмүр баян (кол менен жазылган);

6. Резюме

7. Паспорттун же өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү (паспортунун же башка өздүгүн тастыктоочу документти конкурска келгенде көргөзүлөт);

8. Илим даражасы жана илим наамы берилгендигин, квалификациясын жогорулаткандыгын тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрү;

9. Соттолбогону жөнүндө маалымкат;

10. Дело (документтер үчүн).

Аталган документтерди Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгына жарыя газетага чыккан күндөн баштап 10 (он) жумушчу күн ичинде Ош шаары, Карл Маркс көчөсү №1 дарегине тапшыруу зарыл. Байланыш үчүн телефон: 0(3222) 4–80–35.

Квалификациялык талаптарга жооп берген талапкерлер сынакка катышууга чакырылат. Сынакты өткөрүү орду жана күнү кошумча кабарланат.

Тапшырылган документтери коюлган талаптарга жооп бербеген атуулдар, конкурска чакырылбайт.

Сынак

С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь жана Каррак айылдарында трансформацияланган жер тилкелерине көп кабаттуу турак жайларды куруу үчүн конкурс жарыялоо жөнүндө

С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь жана Каррак айылдарында трансформацияланган жер тилкелерин натыйжалуу пайдалануу, калкты турак жай менен камсыз кылуу үчүн көп кабаттуу турак жайларды куруу долбоорун ишке ашыруу максатында, ички жана сырткы инвесторлор менен кызматташууга конкурс жарыялайт.

Долбоор алкагында трансформацияланган төмөнкү контурларда жайгашкан жалпы 33,4 га жер тилкелери сунушталат:

- 407 контурдагы – 9,8 га;
- 674 контурдагы – 0,8 га;
- 728 контурдагы – 1,4 га;
- 729 контурдагы – 3,7 га;
- 754 контурдагы – 7,7 га;
- 833 контурдагы – 10,0 га

Конкурстун шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

Конкурска көп кабаттуу турак жайларды куруу боюнча тажрыйбасы бар жана финансылык мүмкүнчүлүгү жетиштүү ички жана сырткы инвесторлор катыша алышат.

Конкурстун негизги шарттары:

Инвестор тарабынан социалдык объектерди куруу милдеттүү:

350 орундуу орто мектеп;

180 орундуу балдар бакчасы;

Айылдык ФАП (фельдшердик-акушердик пункт).

Мындан тышкары, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн муниципалдык менчикке өткөрүлүп берилүүчү 20 батир куруу талап кылынат.

Курулуш иштери тиешелүү архитектуралык, шаар куруу жана экологиялык нормаларга толук жооп берүүгө тийиш.

Инвесторлор каржылык туруктуулугун жана ушул сыяктуу долбоорлорду ишке ашыруу тажрыйбасын тастыктоочу документтерди берүүгө милдеттүү.

Конкурстун шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

Конкурска көп кабаттуу турак жайларды куруу боюнча тажрыйбасы бар жана финансылык мүмкүнчүлүгү жетиштүү ички жана сырткы инвесторлор катыша алышат.

Инвестордун инженердик-техникалык камсыздоо боюнча милдеттенмелери

Көп кабаттуу турак жайларды куруу учурунда объекттерди керектүү инженердик-техникалык инфраструктура менен камсыздоо, анын ичинде:

- жергиликтүү канализация (сарkынды суу) системасы;
- трансформатор орнотуу менен электр энергиясы;
- от казан орнотуу менен жылуулук системасы,
- таза суу менен камсыздоо иштери толугу менен инвестордун эсебинен жүргүзүлөт.

Конкурска катышуу үчүн тиешелүү документтер жарыяланган күндөн тартып 1 айлык мөөнөттө айыл өкмөтүнө тапшырылат.

ТОРГ

«ОсОО «Люкс Консалт» объявляет о проведении повторных публичных торгов в форме открытого аукциона, которые состоятся «7» июля 2026 года в 12:00 ч. по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., Мады а/а, с.Учкун, ул.Р.Мамытова, дом №17

На торги выставляется заложенное имущество:

ЛОТ №1 Нежилое помещение (магазин), земельный участок мерою 363,5 кв.м., общей полезной площадью 114, 10 кв.м., находящееся по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., Мады а/а, с.Учкун, ул.Р.Мамытова, дом №17, ИК: 5-04-10-1010-0263, гос акт о праве частной собственности на земельный участок серии ЧN№ 508650 от 26.02.2014 года. Стартовая цена заложенного имущества составляет 3 687 000 (три миллиона шестьсот восемьдесят семь тысяч) сом.

ЛОТ №2 Земельный участок мерою 100,0 кв.м., находящееся по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., а/а Мады с.Учкун, ул.Р.Мамытова, д.№17а, ИК: №5-04-10-1010-0389, гос акт №538474 от 02.12.2014 года. Стартовая цена заложенного имущества составляет составляет 547 000 (пятьсот сорок семь тысяч) сом.

ЛОТ №3 Земельный участок мерою 515, 0 кв.м., находящееся по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., а/а Мады, с.Жоош, ул. Намаз уулу Айтимбет, д.№86, ИК: 5-04-10-1003-0413 , гос акт серии ЧN№508881 от 10.02.2014 года. Стартовая цена заложенного имущества составляет 727 000 (семьсот двадцать семь тысяч) сом.

Также уведомляем Вас о назначении судебных повторных публичных торгов на «7» июля 2026 г., в 15:00 ч. по адресу по адресу г. Ош, ул. А.Шакирова, дом №9, кв. 60.

ЛОТ №4 Жилая Квартира, обшей полезной площадью 49,82 кв.м., жилой площадью 31,13 кв.м., находящийся по адресу: г. Ош, ул. А.Шакирова, дом №9, кв. 60, ИК: 5-11-10-0237-0006-01-060. Стартовая цена заложенного имущества составляет 3 193 000 (три миллиона сто девяносто три тысячи) сома.

Для участия в повторных публичных торгах необходимо внести гарантийный взнос – 1 % от стартовой стоимости – на р/с 1110002000041858 БИК 111006 ЗАО «Банк Азии» до начала проведения публичных торгов. Имущество реализуется в сомах.

Выигравшим повторные публичные торги на открытом аукционе признается лицо, предложившее наиболее высокую цену за продаваемое имущество. Покупная цена подлежит внесению в течение пяти банковских дней за вычетом суммы, внесенного гарантийного взноса после проведения торгов.

Сведения об Организаторе торгов:

ОсОО ЮК "Люкс Консалт", адрес: г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова, д. 14, кв. 41, тел. 0 (312) 56 88 25, 0 (772) 30 30 32, р/с в сомах 1110002000041858, БИК 111006 ЗАО "Банк Азии", код ОКПО 29403204, ИНН 01603201610167»

Жараксыз деп табылсын

Бектемир уулу Шукурбек 2017-жылы ОшТУнун архитектура факультетин бүтүргөндүгү тууралуу берилген дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

2008-жылы ОшТУ тарабынан Усаров Кубаныч Манаповичке берилген СД № 080217232 каттоо № 418 сандуу дипломунун 2 барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

1994-жылы ОШ педучилищасы тарабынан (азыркы ОШ МПУ) Абдакимова Рано Кадировнага берилген дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

2000-жылы Ош МУ нун ТТГФ тарабынан Тороева Максатай Турсунбековнага берилген № 22587 каттоо № 443 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

2020-жылы Кыргыз-Өзбек университети тарабынан Абдувахидова Нилуфар Рахматуллаевнага берилген УБ № 200282339 каттоо № 285 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

1993-жылы Ош педагогикалык институту тарабынан Төрөгелдиева Кенжебу Амановнага берилген ФВ-I № 114734 каттоо номери 174 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
Н. Өмүрзакова

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 627
Нускасы: 1900

«ЖЫЛДЫН МЫКТЫ МУГАЛИМИ – 2026»

Мугалим – коомдун келечегин калыптандырган, билим менен тарбиянын чырагын жандырган улуу кесип ээси. Педагогдордун чыгармачылык дараметин өнүктүрүү, алдыңкы тажрыйбаларын жайылтуу жана кесиптик чеберчилигин баалоо максатында жыл сайын «Жылдын мыкты мугалими» сынагы өткөрүлүп келатат. 2026-жылы Ош облусундагы райондук билим берүү бөлүмдөрүнөн жалпы 89 мугалим райондук баскычтын жеңүүчүлөрү деп табылган. Алар: Алай районунан – 15, Араван районунан – 10, Кара-Кулжа районунан – 13, Кара-Суу районунан – 12, Ноокат районунан – 16, Өзгөн районунан – 17 жана Чоң-Алай районуна – 5 мугалим облустук баскычка катышууга арыз берген.

Алгач талапкерлерден билим берүүнү жөнгө салган укуктук-ченемдик актыларды билүүсүн, педагогикалык жана психологиялык, методикалык багыттагы билимин, санариптик сабаттуулугун, теориялык даярдыгын аныктаган тест алынып, натыйжада 89 катышуучунун ичинен тиешелүү упай топтогон 41 мугалим облустук баскычка катышуу укугуна ээ болду.

Сынактын облустук баскычы 2026-жылдын 18–20-май күндөрү Ош шаарындагы №17 Ю.А.Гагарин атындагы жалпы билим берүү мектебинин базасында өткөрүлдү. Сынактын биринчи күнү катышуучулар “Мастер-класс” турунда иш тажрыйбасы менен бөлүштү. Жыйынтыгында “Мастер-класс” турунан босого упай топтогон 16 катышуучу кийинки “Сабак” туруна өтүштү.

“Сабак” турунда өзү тандаган класска сабак өтүп, 10 мүнөт өзүнүн сабагына анализ жасап, калыстардын суроолоруна жооп бериштди. Сынактын жыйынтыгында 3-орунга Абакирова Зуура - Өзгөн районундагы Т.Асранов атындагы жалпы билим берүү мектебинин география мугалими, 2-орунга Айбашев Үсөнбай - Араван районундагы М.Саид атындагы жалпы билим берүү



мектебинин география мугалими, Токтомушева Элиза – Кара-Кулжа районундагы К.Ормокеев атындагы жалпы билим берүү мектебинин математика мугалими, Эркебай кызы Кылымбү – Өзгөн районундагы К.Эрматов атындагы жалпы билим берүү мектебинин тарых мугалими, Исмаилова Дарыйка - Араван районундагы А.Навои атындагы жалпы билим берүү мектебинин “Адам жана коом” предметинин мугалими татыктуу болушту.

Ал эми Кара-Кулжа районундагы Т.Кулмаматов атындагы жалпы билим берүү мектеби мекемесинин мугалими Сатылганова Айтурган-“Жылдын мыкты география мугалими”, Алай районундагы Т.Отунчиев атындагы жалпы билим берүү мектебинин мугалими Марсбекова Майрам-“Жылдын мыкты тарых мугалими”, Кара-Кулжа районундагы Б.Бегиев атындагы жалпы билим берүү мектебинин мугалими Мийзамова Сүйүмкан-“Жылдын мыкты башталгыч класстар мугалими – 2026”, Алай районундагы Курманжан датка атындагы жалпы билим берүү мектебинин мугалими Абдрахманова Жанаргүл-“Жылдын мыкты физика мугалими – 2026”, Өзгөн районундагы А.Төлөнов атындагы жалпы билим берүү мектебинин мугалими Садыкова Гүлзар-“Жылдын мыкты «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинин мугалими – 2026”, Ноокат районундагы М.Кудайбердиев атындагы жалпы билим берүү мектебинин мугалими Рахманкулова Кулпунай-“Жылдын мыкты химия мугалими – 2026”, Алай районундагы Т.Отунчиев атындагы жалпы билим берүү мектебинин мугалими Кадырбек кызы Жайнагүл- “Жылдын мыкты



англис тили мугалими – 2026”, Чоң-Алай районундагы Алайчы уулу Саит атындагы жалпы билим берүү мектебинин мугалими Мурзабекова Гульзина- “Жылдын мыкты математика мугалими – 2026”, Өзгөн районундагы М.Нурбаев атындагы жалпы билим берүү мектебинин мугалими Полотбекова Бегайым- “Жылдын мыкты Адам жана коом предметинин мугалими – 2026”, Кара-Суу районундагы И.Кулбаев атындагы жалпы билим берүү мектебинин мугалими Шаматова Элмира-“Жылдын мыкты информатика мугалими – 2026” номинациясы боюнча 1-орунду камсыздап, жеңүүчү деп табылды.

Сынакта биринчи орунду камсыз кылган катышуучулар республикалык турга жолдомо алышты. Жеңүүчүлөрдүн арасынан сынактын жобосуна ылайык эң көп упай топтогон Кара-Кулжа районундагы Т.Кулмаматов атындагы жалпы билим берүү мектебинин география мугалими Сатылганова Айтурган Ош облусунда “Жылдын мыкты мугалими -2026” сынагынын Баш байгесин багындырып, Ош обулусунда “2026-жылдын мугалими” наамына татыктуу болду, дейт Ош билим берүү институтунун директорунун орун басары Раимбекова Чынара.

Башкысы, бул сынак өз ишине берилген, жаңычыл ойлонгон жана келечек муундарды тарбиялоодо зор жоопкерчилик менен эмгектенип жаткан мыкты мугалимдерди коомчулукка таанытkан аянтча болуп калды. Республикалык турга жолдомо алган мугалимдерге ийгилик каалайбыз жана алардын Ош облусунун педагогикалык коомчулугунун намысын татыктуу коргоп келүүсүнө тилектешпиз.

БУУнун Өнүгүү Программасы

КОЛ ӨНӨРЧҮ АЙЫМДАР ҮЧҮН ТААНЫШУУ ТУР УЮШТУРУЛДУ



Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасы Ош жана Жалал-Абад облустарынан келген чакан бизнестин өкүлдөрү, кол өнөрчүлөр топтору, экспорттоочу жана микро, чакан жана орто ишканалар (МЧОИ), туроператорлор жана конок үйлөрүнүн ээлери үчүн таанышуу тур уюштурду. Бул тур кол өнөрчү айымдардын жана туризм субъекттеринин рынокко жана өнөктөштүккө жетүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө багытталды,-дейт аталган программанын атайын өкүлү Мира Субанкулова.

Иш-чаранын учурунда ийгиликтүү бизнес-моделдер жана кол өнөрчүлүк менен туризмдин айкалышы бизнес үчүн да, туристтер үчүн да кантип кошумча баалуулук түзөрү ийгиликтүү үлгүлөрдүн мисалында көрсөтүлдү. Алсак, «Дайры» өнөрканасы, «Royal Gate» боз үй лагери, «Таберик» жана «Келечек Сары Кол» борборлору, «Зү 1де» комплекстүү модели: конок үйү, «Этномир» жана «Shepherd House», «Экотрек» жабдууларды ижарага берүү борбору ж.б.

Бул жолугушуу аянтчасында катышуучулар алынган тажрыйбаны жалпылап, өлкөнүн түштүк аймагында биргелешкен демилгелерди ишке ашыруу белгиленди. Аялдардын ишкердүүлүгүнө басым жасоо менен Ысык-Көл, Ош жана Жалал-Абад облустарында өнүктүрүлүп жаткан «Кол өнөрчүлүк» боюнча 10 МЧОИ кеңеш берүүчү көмөк алды.

Мындай тажрыйба алмашуулар туризм жана кол өнөрчүлүк тармактарындагы кошумча нарк чынжырларын өнүктүрүүнүн куралы болуп саналат. БУУӨП Кыргызстандагы чакан бизнеске туруктуу өнөктөштүктү түзүүдө, санарипти илгерилетүүдө жана эл аралык рынокторго чыгууда колдоо көрсөтүүдө.

Өнүгүү үчүн

ӨЗГӨН БОРБОРДУК БАЗАРЫНЫН КУРУЛУШУ БАШТАЛУУДА



Өзгөн районунун Төрт-Көл айыл аймагында жаңы “Береке” базарынын курулуш иштери башталууда. Маалыматка ылайык, жаңы базар куруу маселеси 2003-жылдан баштап көтөрүлүп келген, борбордук базарда 988 соода түйүнү расмий катталган.

Буга чейин жаңы базардын долбоору тыкыр иштелип, анын негизинде курулуш иштерин жүргүзүүгө өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Учурда жаңы базар курула турган жерди мыйзамсыз курулуштардан тазалоо иштери жүрүп жатат, базардын аймагын тосуу иштери башталды. Башкысы, элге ыңгайлуу шарт түзүү, авто тыгынды жоюу маанилүү. Муниципалдык жаңы базарда заманбап 4-5 миң жумуш орундары түзүлөт.

Эске салсак, Өзгөндөгү Борбордук муниципалдык жаңы базар инвестициялык долбоорго ылайык, шаардын сыртына жылдырылат. Башкача айтканда, айтылып жаткан жаңы “Береке” базары Шоро-Башат айыл аймагында курулат. Ал эми эски базардын ордуна көп кабаттуу үйлөрдү куруу мерчемделип жатат.

Сүрөттө: Өзгөн борбордук базарынын “Тазалык” ишканасынын жетекчиси Маматкулов Жеңишбек баш болгон эмгек жамааты: Ахмадалиева Садатхан, Дүйшөбаева Максад, Коңурова Алтынай, Даминов Махамаджон, Молдобаева Алтынай.

Бетти даярдаган: А.МАТИЕВА.